# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ

2016 - ЖЫЛДАГЫ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ЖӨНҮНДӨ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КООМДУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ
КОРПОРАЦИЯСЫ



## МАЗМУНУ

1. Жетекчилик жана корпорациянын каржыланышы тууралуу маалыматтар ........................ 2

2. Өткөн жылдын ичиндеги корпорация тарабынан жүзөгө ашырылган ишмердикти сүрөттөө ........................................................................................................ 8

2.1. Телеберүү бөлүгүндө ........................................................................ 8

2.2. Кыргызтелефильм түзүмдүк бөлүмүнүн иштеринин жыйынтыктары ........................ 15

2.3. КТРКнын интернетте болушу ............................................................ 16

2.4. Радиоуктуруу бөлүгүндө ................................................................. 23

3. Административдик-чарбалык иштер жөнүндө маалымат ........................................ 26

3.1. Кеңсе имараттарын оңдоп чыгуу ........................................................ 26

3.2. Өндүрүштүк имараттарды оңдоо (эфирдик жана аппараттык студиялар) ................. 27

3.3. Корпорациянын кызматкерлеринин жеке автосу үчүн токтотуучу жайларды уюштуруу ........................................................................................ 29

4. Кадрлар менен иш алып баруу ........................................................... 30

4.1. Персоналды мотивациялоо ................................................................ 32

4.2. Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу. окуу курстарын уюштуруу....... 33

5. Жаңы чуаны жайылтуу/корпорациянын финансылык туруктуулугун жакшыртуу боюнча иш алып баруу ................................................................................ 36

6. Продакшн студиялардан алынып корпорация тарабынан көрсөтүлгөн программалар тизмеси ........................................................................................ 38

7. 2016-жыл үчүн кирешелер жана чыгашалар боюнча жалпы маалыматтары менен КТРКнын финансы-чарбачылык ишмердигинин жыйынтыктары. ............................. 40

8. Толугу менен же бир бөлүгү, тике же кыйыр түрдө корпорацияга таандык каалагандай ишканалар же компаниялар тууралуу маалымат ........................................ 48

9. Өткөн жылдагы корпорациянын максаттары ............................................. 50

Кийинки жылга коюлган максаттар ......................................................... 51

# 1. ЖЕТЕКЧИЛИК ЖАНА КОРПОРАЦИЯНЫН КАРЖЫЛАНЫШЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАР

*Башкаруу формасы жөнүндө*

2011-жылдын 18-ноябрында кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» мыйзам Корпорациянын коомдук телерадиоберүү уюму катары юридикалык статусун, Корпорациянын максаттарын жана милдеттерин, анын укуктарын жана милдеттерин, ошондой эле структурасын жана башкаруу органдарын аныктайт.

Аракеттеги «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» мыйзамга жана «КТРКнын Уставына» ылайык КР Коомдук телерадиоберүү Корпорациясынын башкаруу органына төмөнкүлөр киришет:

- башкаруунун жогорку органы болуп саналган Байкоочу кеңеш;
- аткаруучу орган болуп саналган Башкы директор.

Байкоочу кеңеш бүткүл коомдун кызыкчылыктарын билдирет жана коомдук берүүлөрдүн принциптеринин сакталышынын башкы кепилдиги болуп саналат. «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» мыйзамда Байкоочу кеңешти калыптандыруунун принциптери так жазылып коюлган:

Байкоочу кеңеш парламенттен, президенттен жана жарандык коомдон бирдей сандарда алынган 15 адамдан турат. Ошондой болсо дагы, Байкоочу кеңештин бардык мүчөлөрү, ал ким тарабынан көрсөтүлгөндүгүнөн көз карандысыз, окуу жана илимий мекемелерден, коомдук жана башка коммерциялык эмес уюмдардан гана көрсөтүлгөн болууга тийиш.

*Состав Наблюдательного совета*

**ЖЫЛДЫЗ БАКАШЕВА Төрайым**

Филология илимдеринин доктору, профессор. Кыргыз мамлекеттик университетинин жур-налистика факультетин аяктаган, кийинчерээк илимий диссерта-циясын коргоп, окумуштуулук даражасын алган. КУУда окутуучу, кафедра башчысы жана журналис-тика факульттинин деканы болуп, Жогорку Кеңеште эксперт, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык академиясында проректор болуп эмгектенген. Азыркы кезде А. Осмонов атындагы КР Улуттук библиотекасынын директору болуп эмгектенет. КТРКнын Байкоочу кеңешине КР Жогорку Кеңешинен сунушталган.

**АБДЫ САТАРОВ**

Журналист. КР УТРКнын башкы директорунун мурунку орун басары. Тележурналистикага 1973-жылы келген, ошондон тартып өлкөнүн бардык телекомпания-ларында эмгектенген: УТРК, «Ош-3000» (3 жылдан ашык телеканал-дын жетекчиси катары), КООРТ, НТС, «Заман Кыргызстан» эл аралык газетасында жана «Интерньюс-Кыргызстан» медиа-уюмунда. Азыркы учурда Кыргыз-түрк «Манас» университетинде, журналистика кафедрасынын оку-туучусу, коммуникация факульте-тинин деканынын орун басары. КРнын Журналисттер жана Кинематографисттер бирлигинин мүчөсү, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер. КТРКнын Байкоочу кеңешине КР Президенти тарабынан сунушталган.

**АНАТАЙ ӨМҮРКАНОВ**

Кыргыз Республикасынын Элдик акыны. «Советтик Кыргыз-стан», «Кыргызстан» жана «Адабият» газеталарынын башкы редакцияларында эмгектенген. Өлкөнүн Жазуучулар бирлигинин төрагасы. КТРКнын Байкоочу кеңе-шине Президенттен сунушталган.

**ТАМАРА ЖАМАНБАЕВА**

1959-жылы медициналык училищени аяктаган, ал эми 1968-жылы – Кыргыз Улуттук универси-тетинин филология факультетинин журналистика бөлүмүн аяктаган. Тамара Жаманбаева – телерадио-берүүнүн тарыхындагы алгачкы алып баруучулардын бири. Кыргыз мамлекеттик телерадиокомите-тинде эмгектенген, стажердон вице-президенттин кызматына чейин ээлеп турган. Акыркы кездерде «Замана» чыгармачыл-өндүрүштүк бирикменин продюсе-ри болуп иштеген. КРнын Элдик артисти, маданияттын эмгек сиңирген ишмери, СССРдин жана Кыргыз Республикасынын телебе-рүүсүнүн отличниги. Ошондой эле Чыгыш университетинин журна-листика кафедрасынын профессору болуп саналат. КТРКнын Байкоочу кеңешине Жогорку Кеңештен сунушталган.

**ТЫНЧТЫКБЕК ЧОРОТЕГИН**

Тарыхчы, журналист, публицист. Тарых илимдеринин доктору, профессор. Бир нече окуу китептеринин жана илимий иштердин автору. Лондондогу «Би-Би-Си» радиосунун кыргыз кызматынын продюсеру болгон, андан кийин 11 жылга жакын «Азаттык» радиосунда директор катары кызмат өтөгөн. Азыркы учурда тарых коомунун президенти. КТРКнын Байкоочу кеңешине Жогорку Кеңештен сунушталган.

**САБЫРБЕК МУКАМБЕТОВ**

Саясий эксперт. Экономист. В 1990-жылдарда Кыргызстандын демократиялык кыймылынын (КДК) жооптуу катчысы, кийинчерээк президенттин алдындагы адам укуктары боюнча комиссиянын төрагасынын орун басары. Демократиялык

куруучулар союзунун төрагасы, бириктирилген элдик кыймылдын улуттук кеңешинин мүчөсү болгон. 2007-2009-жылдарда «Ачык саясат», «Алиби», «Учур», «Назар», «Айгай», «Аалам» газеталарында саясий баяндамачы болуп иштеген. Азыркы учурда «Азия Ньюс» газетасынын башкы редактору. КТРКнын Байкоочу кеңешине Жогорку Кеңештен сунушталган.

**ИГОРЬ ШЕСТАКОВ**

Медиа-тренер, саясатчы. Россия Гуманитардык университетинин юридикалык факультетин аяктаган. Журналисттик ишмердигин «Вечерний Бишкек» газетасынан баштаган. «Время» программасынын өздүк корреспонденти, «Интерфакс» маалыматтык агенттигинин кыргызстандык бюросунун шеф-редактору, Борбордук Азия боюнча «Российская газета» басылмасынын өкүлчүлүгүнүн директору, «КырТАГ» маалыматтык агенттигинин башкы редактору болуп иштеген. Азыр «region.kg» аналитикалык сайтынын башкы редактору болуп саналат. КТРКнын Байкоочу кеңешине Президент тарабынан сунушталган.

**ЖЕНИШГҮЛ ӨЗҮБЕКОВА**

КРнын эмгек сиңирген кызматкери, "Кыргызжаштар" премиясынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган. КР жазуучулар бирлигинин мүчөсү, театралдык ишмердик бирлигинин мүчөсү; кинематографисттер, театр жана телеберүү бирлигинин мүчөсү, коомдук ишмер. Азыркы учурда “Кыргызстандагы кол өнөрчүлүгүн колдоого карата Борбордук-Азия ассоциациясынын ресурстук борбору” коомдук фондунун алдында арт-менеджер болуп эмгектенет. Кыргыз улуттук университетинин филология факультетин аяктаган. КТРКнын Байкоочу кеңешине Жогорку Кеңештен сунушталган.

**ВЯЧЕСЛАВ ГОНЧАРОВ**

«Доор медиа» фондунун директору, медиа-эксперт, окутуу-чу. БГУнун филология факуль-тетин аяктаган. Журналистикада 1999-жылдан тартып. ВОССТ, «Мир» телекомпанияларында, ан-дан кийин «Интерньюс Кыргыз-стан» эл аралык уюмунда эмгектенген, «Злое перо» берүүсүн алып барган, кийинчерээк репор-таждык берүүлөр продюсери болуп иштеген. Эл аралык уюмдардын долбоорлорунун алкактарында даярдалган бир нече социалдык роликтердин жана документалдуу фильмдердин автору. КТРКнын Байкоочу кеңешине жарандык коомдон сунушталган.

**ИРИНА АБДЫРАХМАНОВА**

Журналист. Кыргыз мамлекеттик педагогикалык инсти-тутунун филологиялык факульте-тин аяктаган. Журналисттик ишмердигин 1993-жылы Республи-калык радиотелеборборунун маг-ниттик жазуу оператору болуп иштөө менен баштаган. Республи-калык радионун маалымат редакциясынын корреспонденти, андан кийин баяндамачысы болуп; КТР - “Ала-Тоо” жана “Жетиген” берүүлөрүнүн комментатору жана алып баруучусу; КООРТ ЖТАКы-нын жаңылыктар кызматынын чыгаруучу редактору болуп иштеген. КТРКнын Байкоочу кеңешине Президенттен сунушталган.

**ДОСАЛИЕВА БҮБҮКАН**

Журналист. Саясий илимдер-дин кандидаты. TOPNEWS.KG маалыматтык-аналитикалык порта-лынын башкы редактору. Мамле-кеттик кызматтын 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси. “Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер”. Азыркы учурда КР УИАнын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун улук илимий кызмат-кери. Эл аралык Айматовдук Ака-демиянын журналистика боюнча академиги (1994-ж.). Байкоочу

кеңешине жарандык коомдон сунушталган.

## АБДЫГАНЫ ХАЛИЛОВ

Журналист. Кыргыз Улуттук университетинин журналистика факультетинин доценти. А.А.Жданов атындагы Ленинград мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүсү. “Журналистика” адистиги боюнча жаңы муундагы мамлекеттик билим берүү стандартынын иштеп чыгуучуларынын бири болуп эсептелет.

## АЛХОЖОЕВ ТИМУР

Юрист. Ж.Баласагын атын-дагы Кыргыз улуттук универ-ситетинин юридика факультетинин бүтүрүүчүсү. Кыргыз Респуб-ликасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиянын аспиранты. Телеком-муникациялар жана массалык маалымдоо каражаттарынын ишмердиги тармагында адистешет. Байкоочу кеңешке жарандык коом тарабынан сунушталган.

*КРнын Коомдук телерадиоберүү корпорациянын жетекчилиги.*

**КАРЫПБЕКОВ ИЛИМ МАЙРАМБЕКОВИЧ**



КТРКнын Башкы директору. КТРКнын Байкоочу кеңеши тараптан 2015-жылдын 19-мартында сынак тандоосунун жардамы менен шайланган.

**АСЫЛБАШЕВ КАЛЫЙБЕК ШАРШЕНАЛИЕВИЧ**



КТРКнын телеберүү боюнча башкы директордун орун басары. Кызмат ордуна 2015-жылдын 7-майында КТРКнын башкы директорунун сунуштоосу боюнча КТРКнын Байкоочу кеңешинин чечими менен дайындалган.

**ИМАНАЛИЕВ КАЙРАТ ОЛЖОБАЕВИЧ**



КТРКнын радио уктуруулар боюнча Башкы директорунун орун басары.

*Корпорациянын каржыланышы*

КТРКнын 2016-жылдагы каржылануусу Корпорациянын ишмердигине – социалдык чөйрөнүн бюджеттик мекемеси катары мамлекеттик колдоо көрсөтүү үчүн 439 287,7 млн. сом суммасындагы республикалык бюджеттен бюджеттик ассигнациялоолордун эсебинен жүзөгө ашырылган.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинен КТРК каналдын керектөөлөрүнө болжол менен 70% каржылоону алат, 30% корпорация алардын түрлөрү Кыргыз Республикасынын «Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» мыйзамында аныкталган өздүк каражаттарынын эсебинен жабат.

«Кыргыз Республикасынын 2016-жылга карата республикалык бюджети жана 2017-2018-жылдарга карата божомолдоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык корпорациянын мамлекеттик бюджеттен каржылануусу калкты телерадиоберүү жана кино өндүрүү продукциясы менен камсыздоо боюнча утурумдук чыгашаларга багытталган.

Мамлекет тарабынан бөлүнгөн финансылык каражаттар төмөнкү чыгаша беренелерин жабууга кетирилген:

- алып көрсөтүү кызмат көрсөтүүлөрү 50,6%
- техникалык кызмат көрсөтүүлөр 23,4%
- чыгармачыл курамдын эмгек акысы 17,5%
- Соцфондго которуулар 3,0%
- иш сапарларынын чыгашалары 0,5%
- байланыш кызмат көрсөтүүлөрү 0,9%
- машиналар жана жабдуулар 0,9%
- контентти сунуштоо боюнча КТФнын кызмат көрсөтүүлөрү 2,6%
- жана башка кызматтар (Кыргызпатент, МБАга төлөөлөр) 0,5%

КТРКны мамлекеттик бюджеттен каржылоонун көлөмү отчеттук жылы 2016-жылга карата бюджеттин долбоорунда каралгандан 33,9% деңгээлинде жүргүзүлгөн

2016-жылы корпорациянын бюджети 39 326,9 миң сомго секвестирленген, анын натыйжасында корпорация 2016-жылдын акырына карата РМТР РПОго – 8 863,1 миң сом, РРТБга – 13 857,7 миң сом карыз болуп калган, Өкмөттүн 25.03.2016-жылдагы №126-р тескемесине ылайык контентти сатып алууга карата тендер өткөрүлгөн эмес, жана «Машиналар жана жабдуулар» беренеси боюнча 2 065,1 миң сом калдыктар пайдаланылган эмес.

2016-жылдын апрелинен тартып «Азаттык» менен түзүлгөн келишимдин мөөнөтү аяктаган. Келишимдин жалпы суммасы 224 412 АКШ долларын түзгөн. Бирок мындай сумманын жок болушу Корпорациянын бюджетине таасир кылган эмес, анткени аны алмаштыруунун башка жолдору табылган, анын ичинде «Жаңы-Медиа» маданий-агартуучулук ЖМКлар компаниясы (Пекин) менен келишим түзүү, БУУӨПтөн гранттарды алуу ж.б.у.с.

*КТРКнын финансылык-чарбалык ишмердигинин жыйынтыктары боюнча кеңири маалымат 20165-жыл үчүн кирешелер жана чыгашалар боюнча жалпы маалыматтары менен бирге ушул отчеттун 7-бөлүмүндө берилген.*

## 2. ӨТКӨН ЖЫЛДЫН ИЧИНДЕГИ КОРПОРАЦИЯ ТАРАБЫНАН ЖҮЗӨГӨ АШЫРЫЛГАН ИШМЕРДИКТИ СҮРӨТТӨӨ

### *2.1. ТЕЛЕБЕРҮҮ БӨЛҮГҮНДӨ*

Отчеттук 2016-жыл КТРКнын телеберүү бөлүгүндө алганда корпорациянын ар түрдүү жанрлуу телеканалдарынын пакетин түзүүнүн аяктагандыгы жана алар өлкөдөгү санариптик телеберүүнүн акысыз социалдык пакетине киргизилишкени менен белгиленген.

Ошентип, 2016-жыл жыйынтыктары боюнча СТБ социалдык пакетине КТРКнын бардык телеберүү каналдары киргизилген, алар калкка акы төлөбөстөн жеткиликтүү болушат.

2016-жылы КТРКнын телеканалдарынын түркүмүн тынымсыз өндүрүү жана берүү үчүн толук жабдылган ресурстук базасы бар 2 жаңы телеберүү каналы менен толукташкан:

- 2016-жылдын 1-мартында КРнын санариптик телеберүүсүнүн социалдык пакетиндеги «Маданият-Тарых-Тил» телеканалынын берүүлөрү ишке киргизилген.

«Маданият-Тарых-Тил» телеканалы мурда бар болгон жана кабелдик телетүйүндөрүндө көрсөтүп келген "Маданият" телеканалынын базасында түзүлгөн.




«Маданият-Тарых-Тил» телеканалынын жаңы концепциясы КР Президентинин 2014-жылдын 13-декабрындагы №222 Жарлыгынын алкактарында калктын моралдык-этикалык жана маданий-эстетикалык керектөөлөрүн канааттандыруу максатында, ошондой эле жаш өсүп келе жаткан муунга тарыхты жана кыргыз тилин окутуу аркылуу маданий иденттүүлүктүн негиздерин үйрөтүү үчүн иштелип чыккан.



«Маданият-Тарых-Тил» телеканалынын эфирдик жана аппараттык студиялары жогорку тактыктын HD 16:9 форматында берүү үчүн заманбап санариптик техника менен жабдылышкан.

- 2016-жылдын сентябрынан тартып өлкөнүн телекөрүүчүлөрүнө дагы бир телеканал "Ала-Тоо24", үзгүлтүксүз жаңылык берүүлөрү жана эфирдеги актуалдуу репортаждары менен жеткиликтүү болуп калды. КТРКнын телеканалдарынын ар түрдүү жанрлар сызыгын, олуттуу жаңы берүү форматы жана уникалдуу жаңылык контенти менен толуктады. Жаңылыктардан тышкары телеканал коомдун жана жалпы эле дүйнөнүн эң алгылыктуу күнүмдүк маселелерин козгойт.



Телеканалдын негизги максаты – аудиторияга ыкчам жана анык түрдө өлкөдөгү жана дүйнөдөгү өтүп жаткан бардык маалыматтарды берүү менен, каналдын берүүлөрү мамлекеттик сыяктуу эле, расмий тилде дагы жүргүзүлүшөт.

«Ала-Тоо 24» телеканалы эсеби боюнча алтынчы, бирок Кыргызстандагы күнү-түнү маалыматтарды берүүсү менен азырынча жалгыз канал болуп саналат. Телеканалдын берүүлөрү үзгүлтүксүз жаңылыктар принциби жана форматы боюнча түзүлүшөт, көрүүчү телеканалды сутканын каалагандай убактысында жандырып, бардык болуп жаткан окуяларды биле алат.

Берүүлөр башталган учурдан тартып бүгүнкү күнгө чейин «Ала-Тоо 24» телеканалы өлкөнүн бардык булуң-бурчтарында көрүүчүлүк ийгиликке ээ болду. «Ала-Тоо 24» толугу менен өздүк берүүгө ээ болгон жана берүүлөрдүн жаңы телеканалдын студияларында жана аппараттарында санариптик, заманбап жабдуулардагы Full HD 16:9 жогорку чечилиши форматында өндүрүүчү бир аз гана телеканалдардын бири.



КТРКнын контенттерди өндүрүү боюнча бөлүмдөрүнүн ишмердиги, отчеттук мезгилде мамлекеттик маанидеги иш-чаралар тизмегин эсепке алуу менен жүргүзүлгөн: Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 25 жылдыгын майрамдоо, 1916-жылга арналган окуялардын 100 жылдыгын өткөрүү, экинчи Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүү, КР Президенти А.Ш. Атамбаевдин жарыяланган "Тарых жана маданияттын 2016-жылынын" айланасындагы иш-чараларды жана башкаларды өткөрүү.

Берүүнүн жалпы көлөмүндө КТРКнын телеберүү каналдары 2016-жылы суткасына 122 саатты өндүрүп турушкан.

| | | |
|---|---|---|
| **Коомдук Биринчи канал<br>17 саат** | **Маданият Тарых Тил<br>18 саат** | **Баластан<br>15 саат** |
| **КТРК Музыка<br>24 саат** | **Ала-Тоо 24<br>24 саат** | **КТРК Спорт<br>24 саат** |

## *«КТРК жөнүндө» мыйзамындагы корпорациянын алдына коюлган милдеттер жана аларды аткаруу даражасы:*

### *Мамлекеттик тилдеги берүүнү жалпы көлөмдөн 50%дан ашык жүзөгө ашыруу боюнча милдет*

➢ *Жыйнакталган көлөмдө (КТРКнын теле-, радиоканалдары боюнча) 72 % кыргыз тилиндеги берүүлөр түзүшөт.*

Ошентип, Кыргыз Республикасынын "КРнын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө" мыйзамынын берүүнү өзүнүн берүүсүнүн 50%дан жогору мамлекеттик тилде жүргүзүүнү жүзөгө ашыруу боюнча милдеттенмелер бөлүгүндөгү ченем толук көлөмдө жүргүзүлүүдө.

### *Эфирдин 30% балдар, жаштар, көңүл ачуучу жана билим берүүчү программалар үчүн бөлүп берүү*

КТРКдагы балдар-билим берүү тематикасына карата берүүлөр 2016-жылы «Келечек» балдар-билим берүү программалар студиясы жана «Балдар FM» студиясы тарабынан жүргүзүлгөн. Эгерде биринчи студия, СТБнын социалдык пакетине кирген көпчүлүк жагынан балдар-билим берүүсүнүн «Баластан» адистештирилген телеканалы үчүн көбүрөөк берүүлөрдү өндүргөн болсо, экинчи студия продукция менен балдар угуу радиосунун аудиториясын камсыздайт.

Жаштар үчүн көңүл ачуучу жанр сегментин «Музыка» тенеканалынын жана «Миң-Кыял FM» радиостанциясынын берүүлөрү толуктап турушат.

➢ *Жыйнакталган көлөмдө балдар үчүн жана жаштар үчүн берүүлөр, ошондой эле көңүл ачуучу жана билим берүүчү мазмундагылары – өздүк берүүлөрдүн жалпы көлөмүнөн, берүүнүн жалпы көлөмүнөн эсептелген 36% түзүп турушат.*

КТРКнын Кыргыз Республикасынын "КРнын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө" мыйзамынын берүүнү өзүнүн берүүсүнүн 30%на чейинкисин балдар, жаштар, көңүл ачуучу жана билим юерүүчү программаларга бөлүп берүү боюнча милдеттенмелер бөлүгүндөгү ченем – толук көлөмдө аткарылууда.

### *Ата мекендик контент 70% кем эмес, тышкаркылар 30 % чейин*

➢ *Корпорациянын телерадиоканалдарынын эфириндеги тышкаркы контент анимациялык жана кино-музыкалык продукция түрүндө берилген, анын көлөмү берүүнүн жалпы көлөмүнөн 20 пайыздан ашпайт.*

Калган көлөмдү өздүк өндүрүштүк берүүлөрү, ата мекендик өндүрүштүн кинопродукциясы жана Кыргызстандын аймагындагы студияларда өндүрүлгөн берүүлөр түзүшөт. Ушуга ылайык, Кыргыз Республикасынын "КРнын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө" мыйзамынын өздүк берүүсүнүн 70%дан кем эмес бөлүгү ата мекендик контент болушу бөлүгүндө аткарылышы 2016-жылы толук көлөмдө жүргүзүлдү.

### *Мамлекеттик органдардан алынган расмий билдирүүлөрдү таркатуу*

Кыргыз Республикасынын "КРнын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө" мыйзамына ылайык КТРКнын телерадиоканалдары 2016-жылы зарылдыгына жараша жана

маалымат шылтоосу пайда болушунан улам, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын расмий маалыматын таркатып турушкан.

2016-жылы Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы корпорациянын техникалык жана адам ресурстарын төмөнкү көрүнүктүү иш-чараларды жана мамлекеттик маанидеги окуяларды чагылдырууга багыттаган:

- Мамлекеттик маанилүүлүктөгү олуттуу майрам иш-чараларын тартуу жана көрсөтүү: Көчмөндөрдүн бүткүл дүйнөлүк оюндары, Үркүн-100, Кыргыз Республикасынын Көз карандысыздыгынын 25 жылдыгына карата ж.б.у.с.
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишмердигин чагылдыруу боюнча жума сайын берүүлөрдү өндүрүү жана чыгаруу: «Кыргыз Өкмөтүндө», «Стратегия-2017», окуялык репортаждар.
- Кр Президентинин, Жогоку Кеңештин Спикеринин жана КР Премьер-министринин ишмердигине байланвышкан олуттуу окуялар жана иш-чаралар күн сайын ТБ жана радионун жаңылыктар блогунда чагылдырылышат.
- Эфирге жума сайын чыгуучу, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишмердигин чагылдыруучу “Парламент”, “Парламентаризм сабактары” берүүлөрү чыгарылды.
- Жогорку Кеңештин пленардык отурумдары
- КР ӨКМи жана КР ИИМи менен кызматташуу жума сайын көрсөтүлүүчү «Өзгөчө кырдаалдар», «Телекүзөт» берүүлөрү аркылуу ишке ашырылат.

КТРКнын Кыргыз Республикасынын “КРнын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө” мыйзамынын бийликтин мамлекеттик органдарынын маалыматтарын берип туруу боюнча аткаруу бөлүгүндө толук көлөмдө аткарылууда.

**Берүүлөр Сеткасы**

2016-жылы КТРКнын телеканалдарынын берүүлөр сеткасы мамлекеттик маанидеги бир нече иш-чараларды эске алуу менен түзүлгөн: Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 25 жылдыгын майрамдоо, «Үркүн-100» 1916-жылга арналган окуялардын 100 жылдыгын өткөрүү, КР Президенти А.Ш. Атамбаевдин жарыяланган "Тарых жана маданияттын 2016-жылынын" айланасындагы иш-чараларды жана башкаларды өткөрүү:

*"Кыргыз Республикасындагы Тарых жана маданият жылы" темасындагы адистештирилген берүүлөр тизмеги (радиостанциялар боюнча өз алдынча)*

| № | Программалардын аталышы | Чыгуулардын жалпы саны | 1 чыгуунун хронометражы/мүн | Эфирге чыгуу мезгили |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Тарыхты тактайлы» | 9 | 25 мүн | Январь – ноябрь 2016-ж. |
| 2. | «Тарыхчылар так айтат» | 38 | 60 мүн | Март – декабрь 2016-ж. |
| 3. | Маданият майданы | 8 | 60 мүн | Январь – декабрь 2016-ж. |
| 4. | «Төкмө келсе төр бошот» | 24 | 120 мүн | Март – август 2016-ж. |
| 5. | «Төкмө келсе төр бошот» | 16 | 60 мүн | Сентябрь – декабрь 2016-ж. |
| 6. | Улуу мурас | 1 | 20 мүн | Январь 2016-ж. |
| 7. | Улуу мурас | 18 | 5 мүн | Февраль – ноябрь 2016-ж. |
| 8. | Улуу мурас | 11 | 20 мүн | Апрель – ноябрь 2016-ж. |
| 9. | Шайыр апалар | 8 | 110 мүн | Август – декабрь 2016-ж. |
| 10. | Жаңы Жылдык «Апалардан ак бата» | 1 | 165 мүн | Декабрь 2016-ж. |
| 11. | «Кыз –жигит сармердени» | 10 | 170-180 мүн | Январь – декабрь 2016-ж. |
| 12. | «Сүрөттөр сүйлөйт» | 40 | 60 мүн | Март – декабрь 2016-ж. |
| 13. | «Адабий айтыш» | 40 | 60 мүн | Март – декабрь 2016-ж. |
| 14. | «Муз-Арт» | 40 | 60 мүн | Март – декабрь 2016-ж. |
| 15. | «Улут наркы улуу тил» | 40 | 60 мүн | Март – декабрь 2016-ж. |
| 16. | «Оболоогон обондор» | 40 | 60 мүн | Март – декабрь 2016-ж. |
| 17. | «Театр-сахна» | 40 | 60 мүн | Март – декабрь 2016-ж. |

*1916-жылда болуп өткөн окуяларга арналган «Үркүн-100» темасындагы адистештирилген берүүлөр тизмеги*

| № | Программалардын аталышы | Чыгуулардын жалпы саны | 1 чыгуунун хронометражы/мүн | Эфирге чыгуу мезгили |
|---|---|---|---|---|
| 1. | “Тарыхчылар так айтат” | 2 чыгарылыш | 60 мүн | Апрель – сентябрь 2016-ж. |
| 2. | Сүрөттөр сүйлөйт | 2 чыгарылыш | 60 мүн | Апрель – сентябрь 2016-ж. |
| 3. | “Үркүн-100” Социалдык жана маалыматтык роликтер | 235 чыгарылыш | 3 мүн | Апрель – сентябрь 2016-ж. |
| 4. | Көркөм-публицистикалык тасма "1916- жылдагы көтөрүлүш" | 2 | 50 мүн | Август 2016-ж. |

*Өлкөдөгү “Көчмөндөрдүн II бүткүл дүйнөлүк оюндарын” өткөрүүгө байланышкан көчмөн маданияттар жөнүндө маалыматты пропагандалоого карата адистештирилген берүүлөр тизмеги.*

| № | Программалардын аталышы | Чыгуулардын жалпы саны | 1 чыгуунун хронометражы/мүн | Эфирге чыгуу мезгили |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Маданият майданы | 4 чыгарылыш | 60 мүн | Апрель – сентябрь 2016-ж. |
| 2. | Көрөңгөлүү көчмөндөр оюндары | 30 чыгарылыш | 30 - 120 мүн | Апрель – сентябрь 2016-ж. |
| 3. | Көрөңгөлүү көчмөндөр оюндары: Этнофестиваль-2016 | 1 чыгарылыш | 35 мүн | Август 2016 запись |
| 4. | Көчмөндөр ааламы | 14 чыгарылыш | 90 - 120 мүн | Август – сентябрь 2016-ж. |

## *2.2. КЫРГЫЗТЕЛЕФИЛЬМ ТҮЗҮМДҮК БӨЛҮМҮНҮН ИШТЕРИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ*

*Кыргызтелефильм түзүмдүк бөлүмүнүн отчеттук жылдагы ишмердиги фильм продукциясынын жана киножанрынынын телеберүүлөрүнүн эфир заказынын негизинде түзүлгөн.*

*Республикалык бюджеттен Кыргызтелефильм жалпы суммада КТРК аркылуу 11 263 800 сом өлчөмүндө каржыланган.*

*Мамлекеттик жана башка иш-чараларга катышуу*

- ***Ош шаарында өткөрүлгөн россия киносунун жумалыгына арналган «Үмүт» кинофорумуна***
- Кыргыз киносунун 75 жылдыгына арналган иш-чараларга
- Ч. Айтматов ат. кино үйүндө «1916-жылдагы көтөрүлүш" көркөм-публицистикалык толук метраждуу тасмасынын бет ачарына.

**2016-жылы өндүрүлгөн тасма продукциясынын тизмеги:**

- 1916-жылдын окуяларынын 100 жылдыгына арналган «1916-жылдагы көтөрүлүш" көркөм-публицистикалык толук метраждуу тасмасын тартуу жана эфирге чыгаруу жүргүзүлгөн.
- Кыргыз элинин маданиятын өнүктүрүүсүнө салым кошкон көрүнүктүү адамдардын жашоосу тууралуу *«Биздин Балбай», «Асмансыз жылдыздар», «Вечная музыка»* документалдык тасмаларын тартууну жана көрсөтүүнү жүргүзүү
- Атактуу мамлекеттик ишмер С. Ибрагимовдун жашоосу жөнүндө *«Мен Мекенимди бактылуу кылам»* толук кандуу документалдык тасма
- Маданият жана тарых жылына жана «Кыргыз радиосунун» 85 жылдыгына карата кыргыз радиоберүүсүнүн калыптануу тарыхы тууралуу кыска метраждуу документалдык тасма өндүрүлгөн.
- Кыска метарждык документалдык тасмалардын тартылышы жана эфирге чыгарылышы жүргүзүлгөн: «Псевдоним Гермес», «Жаа оюндары», «Таластык Рыспай ата», «Эрдин аты эрге тең», «Жизнь», «Китепкана билим булагы», «Эне касиети», «Булут устундөгү кызмат», «Юбилей».
- Ошондой эле Г. Базаровдун автордун берүүлөрү «Альтернатива», «Эскерүү», «Адам жана сүрөтчү»

Отчеттук жылда Кыргызтелефильмден «Уроки доброты» документалдык тасмасы Россиядагы «Соль Земли» кинофестивалында катышып жана сынактан тышкары көрсөтүлгөн.


## *2.3. КТРКНЫН ИНТЕРНЕТТЕ БОЛУШУ*

2016-жылдын жыйынтыктары боюнча КР Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын интернет мейкиндикте онлайн-катышуусун өнүктүрүүдө төмөнкү багыттарды бөлүп көрсөтүүгө болот:

### 2.3.1. Жаңы модернизацияланган веб-сайтты иштетүү www.ktrk.kg:

КТРКнын сайтынын азыркы версиясы 1.02.2016-ж. ишке киргизилген. Сайт өзү менен заманбап платформаларга адаптацияланган, коопсуздуктун жогорку деңгээли менен, административдик панели менен, сайттын редакциясы колдонуусу үчүн ыңгайлуу корпоративдик медиа порталды түшүндүрүп турат.

Бүгүнкү күндө сайт маалыматык бөлүктү, видеопорталды, фотогалереяны, ошондой эле КТРКнын радио жана телеканалдарынын кошумча беттерин камтыйт: “Музыка”, “Маданият-Тарых-Тил”, “КТРК Спорт, “Кыргыз радиосу”, “Биринчи радио”, “Миң-Кыял FM”, “Достук” радиосу, КТРКнын Байкоочу кеңеши, редакциялык кеңешчи жана КТРКнын башкы директорунун бети.



### 2.3.2. Интернет чөйрөсүндөгү позицияланышы:

КТРК сайты – бул туруктуу жаңыртылып туруучу маалыматтык медиапортал, ал өлкөнүн интернет мейкиндигинде өз ордун ээлеп турат, өзүнүн туруктуу аудиториясына ээ. Сайттын максаты болуп маалыматты берүү жана жеткирүү гана эмес, корпорациянын телерадиоканалдарынын бүтүндөй продукциясын жайылтуу дагы саналат.

Сайттагы маалыматты жаңыртуу күн сайын өтөт, бул өлкөдөгү жана дүйнөдөгү акыркы жаңылыктар, актуалдуу темалардагы теледолбоорлор, спорттук жетишкендиктер, музыка жана көңүл ачуу, маданиятты жаңылыктары, берүүлөр программасы, анонстор, атайын репортаждар, ошондой эле сайттын редакциясынын өздүк продукттары.

*2016-жылдын интернет колдонуучулары тарабынан көп каралып турган телеберүү долбоорлору*





2016-жылы эң көп көрүлгөн долбоорлор болуп: "КТРК Кербени", "Бактылуу Айым", "Журналистское расследование", "Кто хочет стать миллионером?", орус жана кыргыз тилдериндеги "Ала-Тоо" маалыматтык программасы, төкмөлөрдүн долбоору "Төкмө келсе, төр бошот", "Телекүзөт" криминалдык хроникасы, "Кыз-Жигит Сармерден" маданий-көңүл ачуу берүүсү жана ийгиликке жетишкен кыргызстандыктар жөнүндө "Ийгилик сырлары" программасы.

### 2.3.3. 2016-жыл ичинде Google Analytics боюнча КТРКнын сайтына кирүүлөрдүн статистикасы

Бир жыл ичинде [www.ktrk.kg](http://www.ktrk.kg) сайтына 500 000 ашуун колдонуучулар келишкен (колдонуучулар буо конкреттүү IP даректер) алардын ичинен 480 000 уникалдуу (сайтка алгачкы жолу кирген) колдонуучулар. 3 млн. 600 000 карап чыгуу болгон. Мобилдүү түзүлүштөрдөн сайтта 1 млн. 800 000 кароо жүргүзүлгөн

2016-жылда ай ичиндеги колдонуучулардын орточо саны 70 миңден ашуун адамга жеткен. Уникалдуу коноктордун санынын өсүү динамикасы (сайтка алгачкы жолу кирген колдонуучулар) ар ай сайын орто эсеп менен 40 миңди түзөт.





Коноктордун жаш курагы пайыздык катнашта төмөнкү маалыматтар менен берилген:

46 % - 24 – 34 жаш курагындагы адамдар,
27% - 18 – 24 жаштагы адамдар,
14% - 35 – 44 жаштагы адамдар,
11% - 45 – 65 жаштагы адамдар.

Алардын ичинен:  эркектер - 55%, аялдар - 45%.

***2015 жана 2016-жылдары ичинде КТРКнын сайтынын салыштырмалуу статистикасы***

2015-жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу, КТРКнын жаңы сайтын киргизгенден кийин, 2016-жыл үчүн карап чыгуулардын жана колдонуучулардын көрсөткүчтөрү 2 эсеге өскөн. Алсак, карап чыгуулардын саны 1 000 000 ашуун өскөн




### 2.3.4. Социалдык түйүндөргө катышуу жана SMM-жайылтуу

Өткөн 2016-жыл ичинде КТРКнын продукциясын социалдык түйүндөрдө жайылтуу боюнча олуттуу иштер аткарылышкан. КТРК Кыргызстанда популярдуу болгон бардык социалдык түйүндөргө катышат: Facebook, Twitter, Odnoklassniki, Youtube, Instagram. КТРКнын башкы телеканалынын беттеринен башка, КТРКнын ар бир телеканалы жана радиостанциялары көрсөтүлгөн бардык социалдык түйүндөрдө өз барактарына ээ, ал жактарда контентти жайылтуу жана аудиторияны жогорулатуу боюнча активдүү иштер жүргүзүлүүдө.

2015- жана 2016-жылдар үчүн салыштырмалуу талдоону жүргүзүүдө: 2016-жылы Facebook https://www.facebook.com/KTRKkg/ барагынын катталуучулар саны 2015-жылга салыштырмалуу 4 эсеге өскөнү жана **29 000** түзгөнү көрүнүп турат. Мындай жыйынтыкка жетишүү бөлүмдүн Facebookтагы атактуу топтордогу жарыялоолорун таркатуудагы активдүү иштеринен улам, ошондой эле катышуучулардын жалпы саны 20302 болгон “Жаңылыктар” менчик тобун түзүүдөн улам мүмкүн болуп калган, бул аудиториянын көбүрөөк санын тартууга жана сайттын таанымалдуулугун кеңейтүүгө шарт түзгөн.

- Twitter https://twitter.com/KTRK_kg түйүнүдөгү окурмандар анча көп өскөн эмес жана бардыгы болуп жалпы **6402** окурманды түзөт.

- Odnoklassniki.ru сайтында КТРКнын тобунун катышуучулары – **12489**, бети **5 000** колдонуучуга жетет.


• Өз алдынча аудиторияны Youtube: https://www.youtube.com/user/KTRKkg, каналынын колдонуучулары түзүшөт, бүгүнкү күндө жазылуучулардын жалпы саны **45000**, бул 2015-жылдагы жазылуучулардын санынан көп эле жогору (жазылуучулар **10152** болгон).

• 2016-жылы Instagram социалдык түйүнүндө **ktrk-live** аккаунту ачылган, жазылуучулардын жалпы саны 7000 адам. Бул социалдык түйүндө КТРК ушул түйүнгө карата колдонуучулардын кызыкчылыгынын жогорулоосун эске алуу менен динамикалуу арымдар менен өнүгүүдө.

## FACEBOOK

**КТРК бетинин Facebook *https://www.facebook.com/KTRKkg/* социалдык түйүнүндөгү жазылуучуларынын саны**

КТРК бетинин жазылуучуларынын саны бүгүнкү күндө 29 миң адамды түзөт. 2015-жылы бул сан орто эсеп менен 7679 адамды түзгөн эле. 2016-жылдагы жазылуучулар 14 394 адам.




### КТРКнын субпродукттар беттериндеги Facebookтун жазылуучулары

«Баластан» балдар телеканалынын жазылуучулары –2 807 адам, «Замана» студиясы–2 616, «Кыргыз радио»–2 788, «Маданият Тарых Тил»–2 377, «Биринчи радио» –2 747, «Миң Кыял ФМ»–4 795, «КТРК Спорт»–4 424, «Достук» радиосу – 932.

## TWITTER



Биздин https://twitter.com/KTRK_kg барагыбыздагы окурмандар саны 6 400 адамга жеткен, 2015-жылы алар болгону 3000 окурманды түзүп турган.

## YOUTUBE

Бүгүнкү күнү KTRKkg профили алдындагы Корпорациянын каналынын эң атактуу видеохостингде 45000ден ашуун жазылуучулары бар.



2016-жылы жаңы жазылгандар саны 24 000 колдонуучуну түзгөн, ал эми 2015-жылы каналдын 10512 жазылуучусу болгон.

2016-жыл ичинде карап чыгуулар саны 12 млн. жеткен, ал эми 2015-жылы – 6 878 844. Каналган 22 000 видео жүктөлгөн. Көрүүнүн орточо узактыгы 5 мүнөттөн ашык.


**YOUTUBE видеохостингиндеги КТРКнын видеоматериалдарынын жыл ичиндеги эң көп каралган ону**

Видео: топ-10 Просмотр всего контента

| Видео | ↓ Время просмотра (минуты) | | ↓ Просмотры | |
|---|---|---|---|---|
| "Кыз-жигит" Сармерден: Журналис... | 1 230 263 | 2,3% | 52 884 | 0,5% |
| "Ретро Дискотека - 2016" | 1 208 944 | 2,3% | 148 825 | 1,3% |
| Бактылуу айым: Оор дартты жеңге... | 713 788 | 1,3% | 81 439 | 0,7% |
| Көк бөрү боюнча Азия чемпионат... | 687 679 | 1,3% | 71 116 | 0,6% |
| "Кыз-жигит" Сармерден: Аксынын ... | 639 234 | 1,2% | 28 015 | 0,2% |
| "Сагынганда атамды...". Самара К... | 612 932 | 1,2% | 62 299 | 0,6% |
| Бактылуу айым: Бактылуулукка, че... | 563 837 | 1,1% | 59 214 | 0,5% |
| "Кусалыгым музыка" Алтынай Нар... | 543 714 | 1,0% | 51 146 | 0,5% |
| КР эмгек сиңирген артист Ж. Кочк... | 520 729 | 1,0% | 43 743 | 0,4% |
| Өмүрзак Кайыпов - Арстанбектен а... | 510 008 | 1,0% | 96 613 | 0,9% |

### 2.3.5. Android жана iOS платформаларындагы КТРКнын мобилдик тиркемеси

Технологиялардын заманбап тенденцияларын жана өнүгүүсүн колдонуу менен мобилдүү гаджеттердин жаш колдонуучуларын тартуу максаттарында 2016-жылдын акырында КТРК Android платформасындагы (2017-жылдын январынын тартып iOSте), «КТРК» мобилдик тиркемени иштете баштаган, ал КТРК телеканалдарынын мультимедиа материалдарына карата ыңгайлуу жеткиликтүүлүктү жана кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Мобилдик тиркеме аркылуу карап чыгууга акыркы актуалдуу жаңылыктар, теледолбоорлор, КТРК телеканаларын жана радиостанцияларын онлайн-карап чыгуу жеткиликтүү. Бүгүнкү күндө көчүрүп алуулардын жалпы саны 19829дан ашуунду түзүп турат.




www.ktrk.kg барагындагы атайын бөлүм аркылуу жана мобилдик тиркемеде "Кыргыз радиосу", "Биринчи радио", "Миң-Кыял FM" жана "Достук" радиосун он-лайн угууга болот. Алардын орточ күнүмдүк саны 2016-жылы төмөнкүнү түзгөн:



## *2.4. РАДИОУКТУРУУ БӨЛҮГҮНДӨ*

КТРКнын 5 радиоканалдарынын берүүсүнүн жалпы көлөмүндө 2016-жылы суткасына берүүнүн 66 сааты өндүрүлүшкөн, алардын ичинен 51 саат берүүлөр өздүк өндүрүштө, бул берүүнүн 78% жыйнакталган көлөмүн түзүп турат.

| № | Радиоканалдын аталышы | Суткасына сааттар | Жумасына сааттар |
|---|---|---|---|
| 1 | «Биринчи радио» | 18 | 126 |
| 2 | «Кыргыз радиосу» | 24 | 168 |
| 3 | «Миң Кыял FM» радиосу | 24 | 168 |
| 4 | *«Достук» радиосу («Биринчи радио» толкунунда Ишемби сайын саат 8:30 дан 21:30, жекшембиде саат 17:00 дан 21:00гө чейин тартат)* | | *12* |
| 5 | «Балдар FM» радиосу *(«Биринчи радио» толкунунда жекшемби күндөрү саат 8:30дан 15:00гө чейин тартат)* | | *5,5* |

2016-жылы КТРКнынын радиоканалдарынын түркүмү өзүнүн эфирдик жана эфирден тышкары ишмердигин мамлекеттик маанидеги бир нече иш-чараларды эске алуу менен түзгөн: Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 25 жылдыгын майрамдоо, «Үркүн-100» 1916-жылга арналган окуялардын 100 жылдыгына арналган иш-чараларды өткөрүү, Кыргыз радиосунун түзүлгөндүгүнүн 85 жылдык юбилейи, КР Президенти А.Ш. Атамбаевдин жарыяланган “Тарых жана маданияттын 2016-жылынын” айланасындагы иш-чараларды жана башкаларды өткөрүү:

*“Кыргыз Республикасындагы Тарых жана маданият жылы” темасындагы адистештирилген берүүлөр тизмеги (радиостанциялар боюнча өз алдынча)*

| № | Программалардын аталышы | Чыгуулардын жалпы саны | 1 чыгуунун хронометражы | Эфирге чыгуу мезгили |
|---|---|---|---|---|
| | **Биринчи радио** | | | |
| 1 | Биздин тарых | 40 | 10 мүн | Март-декабрь |
| 2 | Эрезе | 45 | 15 мүн | Январь-декабрь |
| 3 | Ата журт ажары | 51 | 10 мүн | Январь-декабрь |
| 4 | Арт ньюс | 50 | 15 мүн | Январь-декабрь |
| 5 | Илим жана инновация | 28 | 10 мүн | Январь-май |
| 6 | Багыт | 24 | 47 мүн | Февраль -март |
| | **Кыргыз радиосу** | | | |
| 1 | Жусуп Баласагынга 1000 жыл | 200 | 5 мүн | 11.01.16-28.12.16 |
| 2 | “Маданият” радиожурналы | 50 | 40 мүн | 11.01.16-28.12.16 |
| 3 | Тарыхый инсан | 47 | 20 мүн | 11.01.16-28.12.16 |
| 4 | Шаа акын Арстанбек | 200 | 20 мүн | 11.01.16-28.12.16 |
| 5 | Улутман | 40 | 57 мүн | 11.01.16-28.12.16 |
| 6 | Кыл калем | 45 | 17 мүн | 11.01.16-28.12.16 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7 | Бүгүнкү музыка | 47 | 20 мүн | 11.01.16-28.12.16 |
| 8 | Театр дүйнөсүндө | 50 | 17 мүн | 11.01.16-28.12.16 |
| 9 | Өнөркана | 45 | 17 мүн | 11.01.16-28.12.16 |
| 10 | Улут сыймыгы | 48 | 27 мүн | 11.01.16-28.12.16 |
| 11 | Адабияттык уктуруу | 400 | 20,30 мүн | 11.01.16-28.12.16 |
| 12 | Илгеркиден икая | 50 | 20 мүн | 11.01.16-28.12.16 |
| | **Достук** | | | |
| 1 | Данакер | 28 | 15 мүн | Январь-июль |
| 2 | Слово | 16 | 15 мүн | Февраль-май |
| | **Балдар FM** | | | |
| 1. | "Манас таануу" интеллектуалдык таймаш | 10 | 30 мүн | 2016-жыл |
| 2. | Тарыхий инсан | 40 | 8 мүн | 2016-жыл |
| 3. | Күү баяны | 15 | 20 мүн | 2016-жыл |
| 4. | Жергебизге саякат | 10 | 10 мүн | 2016-жыл |
| 5. | Биздин көчө | 10 | 10 мүн | 2016-жыл |
| 6. | Кыргыз таануу | 6 | 20 мүн | 2016-жыл |
| 7. | Тарых таануу интеллектуалдык таймашы | 8 | 30 мүн | 2016-жыл |

*1916-жылда болуп өткөн окуяларга арналган «Үркүн-100» темасындагы адистештирилген берүүлөр тизмеги*

| № | Программалардын аталышы | Чыгуулардын жалпы саны | 1 чыгуунун хронометражы | Эфирге чыгуу мезгили |
|---|---|---|---|---|
| | Биринчи радио | | | |
| 1 | Үркүн баяны | 50 | 10 | Январь-декабрь |
| | Кыргыз радиосу | | | |
| 1 | Улуу Үркүн | 47 | 20 | 20.01.16-9.12.16 |

*Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 25 жылдыгына карата кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн орношуусу темасына карата адистештирилген берүүлөр тизмеги*

| № | Программалардын аталышы | Чыгуулардын жалпы саны | 1 чыгуунун хронометражы | Эфирге чыгуу мезгили |
|---|---|---|---|---|
| | Биринчи радио | | | |
| 1 | Мекеним Кыргызстан | 52 | 10 мүн | Январь –декабрь 2016 |
| | Кыргыз радиосу | | | |
| 1 | Менин өлкөм | 50 | 20 мүн | 20.01.16-9.12.16 |
| | **Достук** | | | |
| 1 | «Ырдайлы достор ырдайлы» | 5 | 40 мүн | Август-октябрь |
| 2 | «Слово» | 1 | 18 мүн | Август |
| 3 | «Эфирдеги экөө» | 1 | 43 мүн | Август |

*Өлкөдөгү "Көчмөндөрдүн II бүткүл дүйнөлүк оюндарын" өткөрүүгө байланышкан көчмөн маданияттар жөнүндө маалыматты пропагандалоого карата адистештирилген берүүлөр тизмеги.*

| № | Программалардын аталышы | Чыгуулардын жалпы саны | 1 чыгуунун хронометражы | Эфирге чыгуу мезгили |
|---|---|---|---|---|
| | **Биринчи радио** | | | |
| 1 | Көчмөндөр оюну | 48 | 10 мүн | Январь-декабрь |
| | **Кыргыз радиосу** | | | |
| 1 | Көчмөндөр салты | 50 | 20 мүн | 11.01.16-28.12.16 |
| 2 | Кыргыз наркы | 45 | 57 мүн | 11.01.16-28.12.16 |
| 3 | Маданият” радиожурналы | 40 | 40 мүн | 11.01.16-28.12.16 |
| | **Достук** | | | |
| 1 | «Иштин башы ишемби» | 2 | 58 мүн | Сентябрь |
| 2 | «Слово» | 2 | 18 мүн | Сентябрь |
| 3 | «Кыргызстан менин мекеним» | 2 | 20 мүн | Сентябрь |
| 4 | «Мост дружбы» | 3 | 110 мүн | Сентябрь |
| 5 | «Ырдайлы достор ырдайлы» | 2 | 40 мүн | Сентябрь |
| 6 | «Көчмөн оюндары 2016» | 2 | 43 мүн | Сентябрь |
| 7 | «Данакер» | 1 | 15 мүн | Сентябрь |
| 8 | «Ретро вояж» | 1 | 15 мүн | Сентябрь |
| 9 | «Улуттук кийимдер» | 2 | 14 мүн | Сентябрь |
| 10 | «Вселенная Манаса» | 2 | 14 мүн | Сентябрь |
| 11 | «Достук кербени -2016» | 2 | 30 мүн | Сентябрь |
| 13 | «Наш человек» | 1 | 20мүн | Сентябрь |
| 14 | «Эл ынтымагы ыйык» | 2 | 15 мүн | Сентябрь |
| 15 | «Любовь без границ» | 1 | 30 мүн | Сентябрь |
| 16 | «Адабий дүйнө» | 1 | 15 мүн | Сентябрь |
| 17 | «Музыка дүйнөнүн тили» | 1 | 20 мүн | Сентябрь |
| 18 | «Күч бирдикте» | 1 | 14 мүн | Сентябрь |

Отчеттук жылда Кыргыз радиосунун түзүлүүсүнүн 85 жылдык юбилейине арналган иш-чаралар тотому өткөрүлгөн, алар төмөнкү эфирден тышкаркы окуялар менен коштолушкан:

- КУУнун профессордук-окутуучулук курамынын жана студенттеринин, КТРКнын радио кызматкерлеринин жана ЖМК чөйрөсүндөгү эксперттердин катышуусу менен илимий-практикалык конференцияны уюштуруу жана өткөрүү
- «Радионун санариптик технологиялар доорундагы ролу» темасына масс-медиа чөйрөсүндөгү жана эксперттердин жана өнөктөш уюмдардын өкүлдөрүнүн (ВВС, ТРК “Казакстан”, “ТРТ Аваз” ж.б.у.с.) катышуусу менен Эл аралык форумду өткөрүү.
- Улуттук Филармониядагы салтанаттуу гала-концерт
- Кыргыз радиосунун калыптануусу жана чөйрөдөгү иштердин азыркы абалынын хронологиясы тургузулган телеберүүлөрүн даярдоо жана чыгаруу.

Радиоканалдар боюнча жалпы алганда отчеттук мезгилде 45 жаңы рабиоберүүлөр киргизщилишкен, актуалдуулугун жоготушкан 52 берүү алынып салынган же жабылып калган.

## 3. АДМИНИСТРАТИВДИК-ЧАРБАЛЫК ИШТЕР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

### *3.1. КЕҢСЕ ИМАРАТТАРЫН ОҢДОП ЧЫГУУ*

2015-жылдан тартып Корпорацияда административдик корпустун 2 жана 3-кабаттарынын кеңсе имараттарын реконструкциялоо боюнча иштер комплекси жүзөгө ашырылууда, мында 70-жылдагы курулуш учурунан тартып бир дагы жолу сырдоо, актоо сыяктуу майда косметикалык оңдоодон тышкары капиталдык оңдоо жасалган эмес.

КТРКнын көпчүлүк кабинеттери жумуш орундарын натыйжалуу уюштуруунун заманбап талаптарына шайкеш келбейт, ошондой эле жылуулук жана энергия натыйжалуулук абдан төмөн.


2016-жылы капиталдык оңдоодон кийин КТРКнын административдик корпусунун 2-кабатында модернизацияланган кеңселер эксплуатациялоого киргизилген. Капиталдык реставрацияланып чыккан имараттардын жалпы аянты 540 чарчы метрди түзгөн. Жаңыртылган кеңселер «Open Space» ачык мейкиндик форматында ишке ашырылышкан. 3-кабат менен чогуу алынган эсебинде оңдолгон имараттардын аянты 1080 м² түзгөн.





Бул жаңыртуу финансылык жактан да, тактикалык жактан дагы утуштуу болгон. Анткени, мейкиндикти кеңейтпестен персоналдын ири санын жайгаштырууга жана алардын ортосундагы коммуникацияны оптималдуу уюштурууга мүмкүн болгон:

*Эгерде оңдоого чейин 2- жана 3-кабаттын кеңсе кабинеттерин болгону 40 адам иштесе, оңдоодон кийин ошол эле имараттардагы кызматкерлердин саны эки эсе жогорулап, 81 адамды түзгөн. Ошентип, кеңсе имараттарын колдонуунун натыйжалуулугу 100% өскөн.*

*Жалпы тунук айнектүү кабинеттерде өз алдынча коллективдер бөлүмдөрдүн жетекчилери менен чогуу жайгаштырылышкан. Мындай концепцияны ишке ашыруу сапатты жогорулатуу жана иштин ыкчамдыгына шарт түзөт, өздүк тартипти жакшыртат.*






Ошондой эле жаңы кеңселерде толугу менен жарык берүү жана жылытуу тутуму алмаштырылган, анын эсебинен имараттардын энернөгия коротуусу кыскарган, жылуулукка карата 32% үнөмдөөнү түзгөн жана ремонтко чейинки чыгашаларга салыштырмалуу электрди 53,5% үнөмдөө жүргөн:

- Оңдолгон КТРКнын административдик корпусунун имараттарын жылытуу боюнча энергия чыгымдары оңдоого чейин 21,32 Гкал /айына түзүп турган болсо, оңдоодон кийин 14,92 Гкал/айына түзгөн.

Үнөмдөө имараттардын айнектеринин жана эски жылытуу буюмдарын (түтүктөр, радиаторлор) жаңыларына алмаштыруунун эсебинен жетишилген.

Мында кышкы мезгилде айына орточо эсеп менен 6,398 Гкал үнөмдөлөт, б.а. төмөндөө 32%.

- КТРКнын административдик имаратанын оңдолгон имараттарынын электр энергиясына энергия коротуулары оңдоого чейин 5 428 кВт/с түзүп турган, оңдогондон кийин 2 526 кВт/с түзгөн. Үнөмдөө 2 902 кВт/с болуп, 53,5% төмөндөгөн.

Ошентип, КТРКнын жаңыртылган кеңселери – бул кызматкерлер үчүн ыңгайлуу жана жагымдуу шарттар гана эмес, ачык башкаруу тутумун куруудагы көмөк көрсөтүү жана уюмдагы коррупциялык көрүнүштөргө каршы шарттарды түзүүгө дагы салым кошуу.

### *3.2. ӨНДҮРҮШТҮК ИМАРАТТАРДЫ ОҢДОО (ЭФИРДИК ЖАНА АППАРАТТЫК СТУДИЯЛАР)*

Отчеттук жылда КТРКнын жаңы телеканалы “Ала-Тоо 24” эксплуатациялоого киргизүү үчүн Эркиндик бул., 122 (мурунку Замана) дареги боюнча студиялык комплекстеги өндүрүштүк жана редакторлук имараттарды капиталдык оңдоо жүргүзүлгөн, жалпы аянты 1500 м² түзгөн.

Студия комплексинин, мурда суткасына болгону 3 саат өндүргөн «Замана» таңкы программаларынын редакциясы ээлеп турган ички имараттарын кайра пландаштыруу маалыматтык жаңы телеканалдын күнү-түнү берүүсүнө адаптациялоону эске алуу менен жүргүзүлгөн.

Реставрацияланган студия универсалдуу, ар түрдүү оператордук бурчтардан бир нече берүүнү тартуунун жүргүзүү үчүн арналган эфир декорациясы менен жабдылган.

Ушуга удаалаш жылуулук тутуму оңдолгон жана өндүрүштүк жана редактордук имараттарды желдетүүнүн жаңы тутуму орнотулган.

Оңдоодон кийин электр энергиясын мурунку оңдолгонго чейинки абалдагы 3 024 кВт/с караганда, 1 774 кВт/с. түзүү менен электр энергиясын керектөөнүн 41,3% кыскаруусу байкалган.



### *3.3. КОРПОРАЦИЯНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ЖЕКЕ АВТОСУ ҮЧҮН ТОКТОТУУЧУ ЖАЙЛАРДЫ УЮШТУРУУ*

